
БҚУ Хабаршысы
Вестник ЗКУ



2(102) – 2026

# ИСКУССТВОВЕДЕНИЕ - ӨНЕРТАНУ- ART HISTORY

УДК 78.031.4(575.2):39
МРНТИ 18.41.51; 13.07.25
DOI 10.37238/2960-1371.2960-138X.2026.102(2).54

**Көлбаева Мээрим Курманбековна**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Чыңгыз Айтматов атындагы Адабият институту, Бишкек, Кыргызстан**

E-mail: mkolbaieva@mail.ru

## ЗАТАЕВИЧ АЛЕКСАНДР ВИКТОРОВИЧ ЖАНА КЫРГЫЗ ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖАНА МУЗЫКАСЫ

**Аннотация.** Аталган макалада музыкант, этнограф Александр Затаевичтин кыргыз музыка таануу илимине кошкон салымы тууралуу талдоолор жүрөт. Анын «1000 песен Кыргызского народа» (1925), «250 кыиргизских пьес и напевов» (1934) жылы жарык көргөн эмгектеринде кыргыз күүлөрү жана ырлары топтоштурулган. А.Затаевич эң алгачкылардан болуп кыргыздардын аспаптык күүлөрүн, ырларын жазып алып, ноталык иштелмелери менен аталган эмгектерде жарыялайт. Илимпоз тарабынан жыйналган материалдарга анализ жасаганыбызда «Манас», «Семетей» эпосунун жана да «Кожожаш», «Мендрман», «Гүлгаакы» сындуу кенже эпостордун жана элдик поэмаларынын обонун, Карамолдо, Мураталы күүчүлөрдүн аспаптык күүлөрүн, аты уламышка айланган Музооке, Кетбука, төкмө ырчылар Арстанбек, Токтогул, Боогачы, Актан ж.б. акындардын ырчы күүлөрүн жазып калтырып, ошол учурдагы кыргыз залкарларынын өздүк обондорун бүгүнкү күнгө жеткиргендиги менен баалуу экени белгиленет.

**Ачкыч сөздөр:** Александр Викторович Затаевич; кыргыз элдик музыкасы; кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгы; музыкалык фольклор; этномузыкология; элдик ырлар; аспаптык күүлөр; «Манас» эпосу; салттуу музыкалык маданият; маданий мурас.

### *Киришүү*

Орус жана советтик музыкант, этнограф, Казак АССР-инин Эл артисти (1923), Кыргыз ССР-нин Эл артисти (1925) Александр Затаевич 1886-жылдан тарта музыка өнөрүнүн табиятын жан дилинде үйрөнүп, аны сактоо боюнча өтө ынтызарлык менен иштейт. 1904-1915-жылдары Варшавада консерваториянын кеңешинде музыка таануу багытында өтө жигердүүлүк менен иштеп, орус, Батыш-Европа композиторлору жана аткаруучулары тууралуу бир катар илимий макалаларды жарыялап, поляк фольклорунун үлгүлөрүн жазып алуу менен музыка таануу багытында зор тажрыйбага ээ болот. Кийин 1920-жылдардан соң Орто Азия, Казакстан, Сибирь элдеринин обон, күүлөрүн жыйнап, ал элдердин музыка таануусунун алгачкы кыштарын кынай баштайт. Кыргызстанга А.Затаевич 1928-жылы сентябрь айында ошол учурдагы Кыргыз АССР эл комиссариатынын сунушу менен Фрунзеге келип, алгачкы жолу кыргыз элдик музыка өнөрүн каттоо ишине киришет. Мына ушул ишке чейин казак элине жашоо мүнөзү, чыгармачылык өнөрү жакын болгон кыргыз элинин музыкалык маданияты тууралуу Ташкент шаарындагы Орто-Азия борбордук китепканасында эки жума отуруп, кыргыздардын музыкалык мурастары тууралуу бир дагы материал таба албайт. Бул тууралуу Затаевич: «...одним словом, о музыкальности киргизов, об их

песнях, об музыкальных их инструментах не говорил ни один из проштудированных мною авторов» [1, 234], – деп белгилейт. Мунун өзү автордун 1925-жылы Оренбург калаасында «1000 песен Кыргызского народа» деген эмгекте Москва калаасында окуп жүргөн кыргыз жаштарынан жазып алган 8 ырды кошуп жарыялашын эске алганда кыргыздардын ыр өнөрүн жыйноо, жазып алуу багытында Затаевич Александр Викторович эң алгачкы карлыгачтардан экени көрүнөт.

Ошол эмгекте эле автор кыргыз эли ыр жандуу калк экенин алардын турмуш-тиричилигинин көп бөлүгү ыр менен коштолорун «... и свадьба, и предшествующие ей церемонии, и похороны, и поминки, и встреча гостей, причем поют самые и участники, а еще чаще – участницы церемоний, по две, по три, а то и хором, но всегда – в унисон» [2, 8], – деп белгилеп, кыргыздардын чыгармачылыкка өзгөчө маани берерин, чыгармаларынын тили бай, көркөм жана өтө таасирдүү келип, жанрдык жактан уламыш, легенда, жомок, ыр жана башка түрлөрдөн куралганын белгилейт. Элдин чыгармачылыкка, чечендикке өзгөчө ык койгонун ыр түрүндөгү эле чыгармалардан байкалбастан кара сөздө жайынча турмуштук сүйлөшүүлөрдө да өзгөчө билинерин кабарлайт. Затаевич А. мына ушундай байкоолору менен бирге ар бир облус, губерниядан жазылып алынган ыр, күүлөрдү ноталык иштелмелери менен берет. Аталган эмгек «Кыргыздардын 1000 ыры» аталышында болгону менен Оренбург калаасында жарыкка чыккандыктан көпчүлүк чыгармалар, обондуу ырлар жана күүлөр казак элине тиешелүү экендигин көрүүгө болот.

А.Затаевич 1928-жылы Фрунзе калаасына келип, кыргыздардын ыр, обон, күүлөрү менен таашын болгондон кийин, экинчи китебин – «250 киргизских пьес и напевов» аталышында 1934-жылы жарыялайт. Бул эмгек толугу менен кыргыздардын музыкалык маданиятына арналып, элибиздин күүлөрү, обондуу ырлары, ар бир чыгарманын көрсөткүчтөрү, жазылып алынган булагына чейин көрсөтүлүп, илим үчүн бир катар так маалыматтар менен жабдылган. Эмгекте күүлөр жана обондуу ырлар эки бөлүктө топтоштурулган. Аспаптык күүлөр 7 автор-аткаруучудан (алар Богочинов Жолой, Жетикашкаев, Өмүркул, Иманалиева Сагынай, Күнөнкеев Мураталы, Орозов Токтомамбет (Карамолдо), Токтогул Сатылганов, Талипова Батымкан) жазылып алынат. Ар бир автордон ар башка санда, айрымдарынан бир эле күүнүн 2-3 вариантын жазып алат. Мисалы, Богочинов Жолой аттуу аткаруучудан жалпы «Байге», «Ай-ай күү», «Андижандыктын дарты өттү», «Гүлгаакы» ж.б. 17 күү жазылып алынса, анын ичинде бир эле күүнүн «Жолойдун Кер толгоо», «Сыбызгынын кер толгоо», «Конгурала Кер толгоо» деген 3 варианты, «Тайкожонун Кер-Өзөнү», «Торгашка ат кокуй» деген 1 күүнүн 2 варианты берилет. Ал эми Мураталы Күрөңкеевден жалпы 74 күү жазалап, «Ботой», «Мураталынын ботою», «Тилендинин ботою», «Боккөтөндүн ботою» деген 4 вариант, кербездердин 3-4 варианты, толгоолордун 3 варианты жана кыргыздардын «Чоор күү», «Биздин үндү уккула», «Бекбекей», «Кыйкырды» сындуу тоолуктардын түнкү салт-нускалык күүлөрү да кошо жазат. Мына ушул эле принципте Карамолдо Орозовдон 105 күү, Өмүркул Жетикашкаевден 2, Сагынай Иманалиевадан 4, Батымкан Талиповадан 2, Токтогул Сатылгановдон 17 күү жазып алат. Ал эми 36 автордон ыр, обондор жазылат. Алардын ичинде кыргыз профессионал поэзиясында өз орду бар КР Эл акыны Абдырасул Токтомушов, чыгармачылыгын ыр жазуу менен баштап, кара сөз жанрларында ийгиликтүү калем сынаган Касымалы Жантөшев, СССР-дин Эл артисти, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, композитор Абдылас Малдыбаевден да 11 ыр жазылып алынат. Кагазга түшкөн бул ырлардын көбү күйгөн, секетбай, арман, кошок, бекбекей ж.б. элдик ырлар жана да авторлордун айрым

өздүк ырлары да топтоштурулган. Жазып алууда автор чыгарманы кимден, кайсы аймактан жазылганын илимий принциптерге ылайык так көрсөтүп, ар бир ырдын ноталык иштелмелери менен кошо берет. Мына ушундай жазып алуу иши уланып, 1971-жылы «Песни разных народов» аттуу эмгегин жарыялайт. Демек, Александр Затаевич кыргыз элдик ыр өнөрүн, аспаптык күүлөрүн кагазга түшүргөн алгачкы изилдөөчүлөрдөн экенин белгилөөгө болот. Айталы, кыргыз элинин төкмөлүк өнөрүнүн улуу устаты Токтогул Сатылгановдон «Тогуз кайрык», «Шыңгырама», «Теңселме», «Миң кыял», «Көкөй кести», «Терме» ж.б. күүлөрдү жазып алууда «...сырткы түрү боюнча бул чакан бойлуу кичинекей көздөрүнөн мээрим төгүлгөн, туурулган бырышсыз кызыл жүздүү, кардай аппак сакал карыя экен. Эч качан өзүнөн ажырабаган комузун шырылган чапанынын кең өңүрүнүн астына эч билиндирбей катып жүрөт, кебетеси, комузун мойнунан ички куруна кыстарып алат окшойт. Комузду көп жана көңүлдөнүп чертет» [1, 187], – деп эскерип, өнөр адамдарынын жеке адамдык өзгөчөлүктөрү, өнөргө болгон мамилеси тууралуу бир катар баалуу маалыматтарды да жаза кетет. Музыка таануучунун кыргыз элдик ыр өнөрүнө жасаган жогорудагыдай эмгектерин анализдей келип төмөнкүдөй жыйынтыкка келүүгө болот:

1. Александр Затаевич – кыргыздын ыр, күү өнөрүн жазып, алуу, жарыялоо жана илимий пикир айтуучулардын эң алгачкыларынан. Ага жогоруда «250 киргизских инструментальных пьес и напевов» (1934), «1000 песен киргизского народа (напевы и мелодии)» (1925) ж.б. эмгектери күбө;

2. Александр Затаевич – кыргыздардын көбүнүн төкмөлүк өнөрдү көкүрөгүндө багып, ырдоо эмес кара сөз сүйлөп жатканда дагы куюлушкан ыргак, ритм, рифмасы кынала түзүлүп, курч салыштыруулары менен көркөмдүк өзгөчөлүктөрү шай келген төкмөлүк өнөрдү бийик урматтаган эл экенин белгилеген өнөрчү. Ал кыргыздардын төкмөлүк өнөрүн эле баса көрсөтпөстөн элдик аспаптар тууралуу алгачкы пикирлерин билдирип, комуз, ооз комуз, кыяк тууралуу, алардын жасалышы, күүлөнүшү тууралуу да байкоолорун жаза кетет. Мисалы, комуздун күүлөнүшүнүн ар бир чыгармага карата орду, өзгөчөлүгү берилет. Камбаркандарда ортодон ылдыйраак квинта абалда, кербездерде ортоңку кварта абалында, шыңгырамаларда сол жаккы биринчи кылы квинта, үчүнчүсү кварта болуп толгонору ж.б. дагы үч абалды нотанын мисалында так көрсөтөт;

3. Александр Затаевичтин «250 киргизских инструментальных пьес и напевов» (1934) аттуу эмгегиндеги өтө бөлүп көрсөтө турган жагы кыргыздарда бүгүнкү күндө жетимиштен ашык варианты бар деп айтылып, «кыргыз турмушунун энциклопедиясы» аталган «Манас» эпосун Багишов Токтобек, Ходжахан Шоруковдордон, «Семетей» эпосун Субанкул Юсуповдон жазып алат. Башкача айтканда ар бир айтуучунун өздүк ыргагы, обону, кырааты болору бардыгыбызга маалым. Ошондой болсо дагы байыркы учурда эпикалык мурастарды кандай ыргак, обон, кыраат менен айтылары ноталык иштелмесинде ачык көрүнөт. Актан Тыныбек уулунан «Семетей күү» да жазылып алынат. Мындан сырткары элдик оозеки чыгармачылыктагы кенже эпостор жана элдик поэмалардын обондору жана ал чыгармалар тууралуу чертилген күүлөр (мисалы, Өмүркул Жетикашкаевден «Кожожаш мерген», Богочинов Жолойдон «Гүлгаакы», Мураталы Күрөңкеевден «Мендирман» ж.б.) бүгүнкү күндө эпостордун айтылышындагы обон маселесин талдоого, байкыркы нускасын кайрадан иштеп чыгып, аткарууга негиз болуп берет;

4. Александр Затаевичтин жогорудагы эмгеги кыргыздардын Карамолдо, Мураталы сындуу залкар күүлөрдүн атасы болгон комузчулардын өз аткаруусундагы

күүлөрдү ноталык иштелмелери менен жазып алынгандыгы менен баалуу. Себеби, ошол учурдагы залкар күүлөрдүн чертилиши, күүлөнүшү, негизги обон, ыргактарынын берилишинин кагазга түшүп калышы менен бүгүнкү күндөгү үйрөнүүчүлөргө жана изилдөөчүлөргө мыкты булак болуп берет;

5. Александр Затаевичтин эмгектеринин дагы бир баалуулугу кыргыздардын элдик оозеки чыгармаларынын күйгөн, секетбай, кошок, арман, терме ж.б. жанрдагы чыгармаларынын обондук аткарылышы тууралуу маалымат берүү менен ошол мезгилдеги төкмөлүк өнөрдүн, күү өнөрүнүн улуу устаты катары сыпатталып келген Токтогул Сатылгановдун өзүнүн чертүүсүндө күүлөрүн жазып алып, ал кишинин адамдык бейнеси, чыгармачылыкка мамилеси тууралуу окумуштуулук баа берүүсүндө. Ошондой эле аты уламышка айланган Музооке, Кетбука ж.б. ырчылардын чыгармачылык өзалдынчалуулугун аныктоого, учурунда өз оозунан ыры, күүсү жазылып калбаган Арстанбек («Зар заман» М.Күрөңкеевдин чертүүсүндө), Боогачы, Актандын обондорун (А.Малдыбаевден жазылган) тактоодо негизги материал катары колдонууга болот.

Демек, Александр Затаевич – «Манас» эпосу баш болгон кыргыз элдик оозеки чыгармаларынын үлгүлөрүнүн аткарылышын, «Манас», «Семетей» эпосунун жана да «Кожожаш», «Мендирман», «Гүлгаакы» сындуу кенже эпостордун жана элдик поэмаларынын обонун, Карамолдо, Мураталы күүчүлөрдүн аспаптык күүлөрүн, аты уламышка айланган Музооке, Кетбука, төкмө ырчылар Арстанбек, Токтогул, Боогачы, Актан ж.б. акындардын ырчы күүлөрүн жазып калтырып, ошол учурдагы кыргыз залкарларынын өздүк обондорун бүгүнкү күнгө жеткирген жана кыргыздын аспаптык күүлөрүнүн чертилиш өзгөчөлүктөрү, түрлөрү (кыяк, ооз комуз, комуз) тууралуу илимий негиздеги алгачкы пикир айткан окумуштуу.

## АДАБИЯТ

[1] Затаевич А. 250 киргизских инструментальных пьес и напевов. – Москва: Гос.муз. издательство, 1934. – 150 с.

[2] Затаевич А. 1000 песен киргизского народа (напевы и мелодии). – Оренбург: Кырг. гос. издательство, 1925. – 180 с.

[3] «Манас» энциклопедиясы. – Бішкек: Кыргыз Энциклопедиясынын башкы редакциясы, 1995. Т.1. – 440 б.

## REFERENCES

[1] Zataevich, A. (1934). 250 kirgizskikh instrumental'nykh p'es i napevov [250 Kyrgyz Instrumental Pieces and Melodies]. Moscow: State Music Publishing House. [in Russian].

[2] Zataevich, A. (1925). 1000 pesen kirgizskogo naroda (napevy i melodii) [1000 Songs of the Kyrgyz People (Tunes and Melodies)]. Orenburg: Kyrgyz State Publishing House. [in Russian].

[3] Manas entsiklopediyasy [Manas Encyclopedia]. (1995). Vol. 1. Bishkek: Kyrgyz Entsiklopediyasynyn Bashky Redaktsiyasy. [in Kyrgyz].

**Көлбаева М.К.**

## ЗАТАЕВИЧ АЛЕКСАНДР ВИКТОРОВИЧ И КЫРГЫЗСКОЕ НАРОДНОЕ УСТНОЕ ТВОРЧЕСТВО И МУЗЫКА

**Аннотация.** В названной статье обсуждается вклад, внесенный в кыргызское музыковедение музыкантом и этнографом Александром Затаевичем. В его трудах, таких, как «1000 песен кыргызского народа» (1925), «250 кыргызских пьес и напевов» (1934), собраны

кыргызские наигрыши и песни. А.Затаевич одним из первых записал кыргызские инструментальные мелодии и песни и опубликовал их (в названных трудах вместе с разработанной нотной записью). Анализ собранных ученым материалов позволил отметить, что их ценность заключается, прежде всего, в записи и донесении до наших дней мелодий эпосов «Манас», «Семетей», таких малых эпосов и народных поэм, как «Коджоджаш», «Мендирман», «Гульгаакы», инструментальных наигрышей Карамолдо, Мураталы, легендарных Музооке, Кетбука, поэтов-импровизаторов Арстанбека, Токтогула, Боогачы, Актана и прочих, а также собственных мелодий выдающихся кыргызских музыкантов того времени.

**Ключевые слова:** Александр Викторович Затаевич; кыргызская народная музыка; кыргызское устное народное творчество; музыкальный фольклор; этномузыковедение; народные песни; инструментальные наигрыши; эпос «Манас»; традиционная музыкальная культура; культурное наследие.

**Kolbaieva M.K.**

**ALEXANDER VIKTOROVICH ZATAYEVICH AND KYRGYZ ORAL FOLK TRADITION AND MUSIC**

**Annotation.** The article discusses the contribution made to Kyrgyz musicology by musician and ethnographer Alexander Zataevich. His works, such as “1000 Songs of the Kyrgyz People” (1925), “250 Kyrgyz Pieces and Tunes” (1934), contain Kyrgyz instrumental melodies and songs. A.Zataevich was one of the first to record Kyrgyz instrumental melodies and songs and publish them in the above-mentioned works along with the musical notation. Conducting an analysis of the materials collected by the scientist, we note that their value lies, first of all, in the recording and transmission to our days of the melodies of the epics “Manas”, “Semetey”, such small epics and folk poems as “Kojojash”, “Mendirman”, “Gulgaaki”, instrumental tunes of Karamoldo, Murataly, the legendary Muzooke, Ketbuka, poets-improvisers Arstanbek, Toktogul, Boogachy, Aktan and others, as well as the melodies of outstanding Kyrgyz musicians of that time.

**Keywords:** Alexander Viktorovich Zatayevich; Kyrgyz folk music; Kyrgyz oral folk tradition; musical folklore; ethnomusicology; folk songs; instrumental melodies; Manas epic; traditional musical culture; cultural heritage.